ОшМУнун Физика-математикалык жана Инженердик-техникалык билим берүү багыттары боюнча тармактык комитетинин № 4-кезектеги отурумунун

**Протоколу**

8-апрель, 2025-ж.

*Төрайым:* п.и.д., профессор Келдибекова А. О.
*Катчы:* ф.-м.и.к., доцент Омаралиева Г. А.
*Тармактык комитеттин мүчөлөрү* – 32 мүчө.

*Катышкандар* – 32 мүчө: п.и.д., профессор Келдибекова А. О., ф.-м.и.к., доцент Омаралиева Г. А., ф.-м.и.к., доцент Осконбаев М. Ч., т.и.к., доцент Айдарбеков З. Ш., ф.-м.и.к., доцент Борбоева Г. М., ф.-м.и.к., ф.-м.и.к., доцент Сатаров А. Э., э.и.к., доцент Имаралиев Ө. Р., окутуучу Кубатов Н. К., окутуучу Мамаев С. С., Ташибеков Т., Моминов З.; студенттер: Физика адистигинин 3-курсунун студенти Урмат кызы Ж.

онлайн - доцент Беделова Н. С., Ата-Мекендик ЖОЖдордон: п.и.д., профессор Бабаев Д. Б., т.и.к., доцент Омурбекова Г. К., п.и.к. доцент Токонбекова Г. Ч., ф.-м.и.к.

иш берүүчүлөрдөн: Отомбаева Г. О., Кыштобаев О. Т.,

чет өлкөлүк ЖОЖдордон: п.и.д., профессор Смагулов Е. Ж., ф.-м.и.к., доцент Баженов Р. И.

Чакырылгандар: ф.-м.и.к., доцент Азимов Б.А., п.и.к., п.и.к., доцент Омаралиева З. И., доцент Алтыбаева М., доцент Оморов Ш. Д., ф.-м.и.к., доцент Абдилазизова А., э.и.д., профессор Джоробаева М. А. Султаналиева Н. Ш., э.и.к., доцент Бабаева А. Д., окутуучу Дооранова Н., улук окутуучу Сооронбаева К., улук окутуучу Авазова Э.,. окутуучу Мамыргазы кызы К.,

## КҮН ТАРТИБИ:

1. Педагогикалык багыттар боюнча жумушчу топ тарабынан иштелип чыккан билим берүү стандарттарын талкуулоо жана аларды Координациялык кеңешке сунуштоо маселеси
   а) “550200 – Физика-математикалык билим берүү (профиль: математика, информатика, физика)” бакалавр билим берүү программасы;
   б) “550200 – Физика-математикалык билим берүү (профиль: математика, информатика, физика)” магистрдик билим берүү программасы;
   в) Билим берүүдөгү менеджмент магистрдик билим берүү программасы.
2. Ар түрдүү маселелер.

**УГУЛДУ:**

***1-маселе***

***Келдибекова А. О.***: Саламатсыздарбы, бүгүнкү күн тартибинде педагогикалык багыттар боюнча жумушчу топ тарабынан иштелип чыккан билим берүү стандарттарын талкуулоо жана аларды Координациялык кеңешке сунуштоо маселеси каралат.

Бул стандарттар боюнча жумушчу топ менен кафедралар биргеликте кеңейтилген жыйын өткөрүшкөн. Жыйындын протоколдору жана тиешелүү документтер өз убагында тармактык комитеттин катчысына тапшырылган. Бул материалдар Координациялык кеңешке сунуштала турган документтердин негизин түзөт.

Сиздерге белгилүү болгондой биздин тармактык комитетибизге тиешелүү болгон билим берүү программаларын 2026-жылдын март айында аккредитациядан өткөрүү пландаштырылган. Аккредитацияга даярдыктын эң негизги баскычы бул билим берүү стандарттарын толугу менен иштеп чыгуу. Стандартты иштеп чыгуунун өзүнүн

процедурасы бар – процедура 7 этаптан өтөт жана кыргыз, орус жана англис тилинде жазылат.

Стандарттарды иштеп чыгууда 2021-жылы берилген стандарттар менен иштесек болот жана УМО тарабынан стандарттын макети сунушталган. Ар бир билим берүү программаларына такалып кетсек, азыр тармактык комитеттин 4-отурумунда ар бир жумушчу топтон бирден мүчө катышып жатат. Стандарттар берилген макетке ылайык канчалык деңгээлде аткарылды айтып кетсеңиздер. Ар бир презентацияга 10 мүнөт убакыт берилет. Убакытты натыйжалуу пайдаланып, негизги ойлорду так жеткирүүнү суранам.

***Калбекова М.***: Саламатсыздарбы, Физика-математикалык билим берүү программасы боюнча стандарты кыргыз тилинде түзүлдү. Стандартты иштеп чыгуу да 2021-жылы сунушталган мамлекеттик стандарттын чегинен чыккан жок жана бир нече толуктоолор киргизилди. Стандарттын 1-2-бөлүктөрү толугу менен сунушталган макет боюнча иштелип чыкты, 3-4-бөлүктөрүнө толуктоолор киргизилди.

Жумушчу топтун жалпы сунушу боюнча 6 компетенция кошулду жана окуу планына ылайык компетенциялар бөлүштүрүлүп чыгылды.

***Бобоева Г.***: Иштелип чыккан стандарттарда колдонулган терминдер жана түшүнүктөр заманбап педагогикалык жана методикалык талаптарга ылайык келеби? Билим берүү программасындагы окутуучулардын жалпы санына карата штаттык окутуучулардын үлүшү 70 пайыздан кем эмес экендиги камсыздалганбы? Бул талапты сактоо боюнча кандай механизмдер каралган?

***Калбекова М.:*** Ооба, колдонулган терминдер жана түшүнүктөр тийиштүү нормативдик документтерге, заманбап педагогикалык жана методикалык талаптарга ылайык тандалып, бирдиктүү мазмунда колдонулган.

***Оморов Ш.:*** Бул программа боюнча билим алып жаткан студенттер колледждерге практикага чыга алышабы?

***Калбекова М.:*** Жок, колледждерге практикага чыгуу каралган эмес. Бирок студенттер практика өтөөнүн алкагында лицейлерге жиберилиши мүмкүн. Программанын багытына жараша практика өтө турган базалар алдын ала аныкталат жана бекитилет.

***Бобоева Г.***: Билим берүү программасында каралган 8 кредит толугу менен мамлекеттик экзаменге же квалификациялык ишти коргоого берилсе, бул көлөм өтө көп болуп эсептелбейби?

***Омаралиева З. И.:*** МАКка бөлүнгөн 8 кредит окуу жүгү дагы такталыш керек деп эсептеймин.

***Калбекова М.:*** Рахмат, сиздер айткан сунуштар эске алынат.

***Келдибекова А. О.:*** Иштелип чыккан билим берүү стандартын ОшМУнун окуу-усулдук бирикменин координациялык кеңшинине сунуштайбыз, анда сунушту добушка салам, добуш берип койсоңуздар.

Баары «макул», «каршы» - жок, «калыс» - жок". Тармактык комитетинин мүчөлөрү эки сунушту бир добушта колдоп беришти.

Урматтуу кесиптештер, эгер каршы болбосоңуздар, ушул эле программа боюнча магистрдик академиялык даражасы үчүн иштелип чыккан стандарттын долбоорун кароого өтүүнү сунуштайм.

***Омаралиева З. И.:*** Сиздердин карооңуздарга сунушталып жаткан стандарт университет тарабынан берилген макетке ылайык иштелип чыккан. Документтин

түзүлүшү, мазмуну жана негизги түзүмдүк бөлүктөрү дал ошол макеттин алкагында уюштурулду.

Замандын талабына жана билим берүүдө компетенттүүлүккө негизделген ыкмаларга ылайык, программанын мазмунундагы компетенциялар жаңыланып, актуалдуу багыттар менен толукталды. Ошентсе да, бардык өзгөртүүлөр жана жаңыртуулар негизги макеттин чегинен чыкпай, белгиленген структураны сактоо менен жүргүзүлдү.

***Өскөнбаев М.Ч.:*** Физика-математикалык билим берүү магистридик программасына кайсы бакалавр багыттарынын бүтүрүүчүлөрү тапшыра алат?

***Омаралиева З. И.:*** Тектеш адистиктер жөнүндөгү Окумуштуулар кеңешинин чечиминин негизинде иш алып барылат.

***Өскөнбаев М.Ч.:*** 9.6.1 пункта чет өлкөлүк университтеттер менен кош дипломдуулук келишин тузуп жатканыбызда аларда мамлекеттик комплексттик экзамен же квалификациялык ишти коргоо дебестен квалификациялык ишти жазуу деген гана бар экен. Биз дагы кош дипломдуулук келишимин эске алып квалификациялык ишти жазууну калтырып, 8 кредит эмес 4 кредит гана калтырсак кандай болот?

***Азимов Б. А.:*** О. Ч. Осконбаев агайдын айтып жатканы да туура, кош дипломдуулук системасында көп чет өлкөдө квалификациялык ишти аткаруу гана бар экен.

***Келдибекова А. О.:*** Биз эмнеге мамлекеттик комплексттик экзамен же квалификациялык ишти коргоо деп калтырып жатабыз. Анткени, бакалаврды бүтүп жаткан бүтүрүүчүлөрдүн баарында илимий-изилдөөчүлүк компетенциялар калыптанышы кыйын. Каалоочулар, бакалаврды бүтүп магистратура, аспирантурага тапшырып, илим жактаймын дегендер гана жазат деген ойдобуз.

***Оморов Ш. Д.:*** Магистратура билим берүү программасын ишке ашырган бүтүрүүчү кафедранын окутуучу-профессордук курамынын 70 % дан кем эмес бөлүгү окумуштуулук даражасы же илимий наамы (илимдин кандидаты, доктору) болуусу шарт деген көп эмеспи. Анда, илимий макалалары бар, бирок даражалары жок, жөнөкөй окутуучулар сабак бере албай калышабы?

***Келдибекова А. О.:*** Эгер окутуучу-профессордук курамынын 70% дан кем болбошу керек деген көп десеңиздер. Азыр ушул кеңешмеде талкуулап алалы, анда окумуштуулук даражасы же илимий наамы барлар 65% ды, тажрыйбалуу окутуучулар, магистрлер 25% ды, өндүрүштөн окуткан окутуучулар 5% ды, ал эми чет өлкөлүк окутуучулар 5 % ды түзөт деп берсек туура болот деген ойдомун.

***Азимов Б. А.:*** Ошондо жаңы стандарт менен эски стандарттан айырмасы эмнеде?

***Омаралиева З. И.:*** Бул жерде бакалаврда эски стандарт менен жаңы стандарттын айырмачылыгы бүтүрүүчүлөрдүн ишкердик чөйрөсүнүн кеңейтилиши, өздүк компетенциялардын замандын талабына, иш берүүчүлөрдүн, бүтүрүүчүлөрдүн, кызыктар тараптардын суроо-талабына ылайык иштелип чыгышы, практиканын түрлөрүнө жараша ар бир практиканын түрлөрүнүн объекттери, максаттары, жана талаптары, практиканын отчёттуулугунун формасы, практиканын жыйынтыгы боюнча аттестациялоого так жана анык көрсөтүлгөндүгү, магистр академиялык даражасы боюнча билим берүү программасынын базалык окуу планынына өзгөрүүлөр киргени менен айырмаланып турат.

Ошондой эле магистранттардын бүтүрүүчү магистридик диссертациясы мындан ары кандай аталат, Магистирдик квалификациялык жумуш болобу? Ушул суроого жооп алып берүүңүздөрдү суранамын. Рахмат.

***Алтыбаева М.:*** Биз Билим берүүдөгү менеджмент магистрдик программасын стандартын жумушчу топ менен биргеликте иштеп чыктык. 1 жолу техникалык кароодон

өткөрдүк жана буга чейинки макеттеги өзгөрүүлөрдү, кафедранын кеңешмелериндеги сунуштарды эске алуу менен кайрадан карап, компетенцияларды, бүтүрүүчүлөргө коюлган талаптарды, профессордук-окутуучулук курамдын сапатына талаптарды карап чыктык.

***Имаралиев Ө. Р.:*** Стандартта бул багытка кабыл алынуучулардын таблицасын жалпылап эле берген туура болот деп ойлойм. Ал эми кайсы багыттын бүтүрүүчүлөрү кабыл алынарын ар жыл сайын факультеттин кеңешинде карап, талкуулап, чечим чыгарса болот. Себеби, бул тизме жыл сайын өзгөрүп турушу мүмкүн.

***Оморов Ш. Д.:*** Окуу процессин камсыздоочу кадрлардын сапаттык көрсөткүчү кандай болот деп көрсөтүлдү?

***Авазова Э. Т.:*** Программаны тейлөөчү окутуучу-профессордук курамдын 80 % илимий даражасы барлар, 10% чет өлкөлүк окутуучулар, 10% өндүрүштөн деп көрсөтүп атабыз.

***Оморов Ш. Д.:*** Илимий даражасы барлар 80% деген көрсөткүч өтө эле жогору болуп калбайбы, мунун ичине илимий даражасы жок, бирок ушул багыт боюнча магистр даражасы бар, же квалификациясын жогорулаткан тажрыйбалуу окутуучулар деп кошуш керек.

***Алтыбаева М.***: Анда мындай деп көрсөтсөк болобу: программаны тейлөөчү окутуучу-профессордук курамдын 65 % илимий даражасы барлар, 25% ушул багыт боюнча магистр даражасы бар, же квалификациясын жогорулаткан тажрыйбалуу окутуучулар, 10% чет өлкөлүк окутуучулар жана өндүрүштөн адистер.

**Джоробаева М.:** Менин оюмча ушул туура болот го, мамлекеттик билим берүү стандартта илимий даражасы барлар 60%дан кем эмес деп көрсөтүлгөн, Бул өз алдынча иштелип чыккан стандартта андан төмөн эмес көрсөткүч болуп атат.

***Келдибекова А.О.:*** Дагы кандай суроолор бар? Жогорудагы берилген сунуштар менен макулсуздарбы?

***Келдибекова А. О.:*** Физика-математикалык билим берүү бакалаврдык программасы (профиль: математика, информатика, физика), Физика-математикалык билим берүү магистрдик программасы (профиль: математика, информатика, физика), Билим берүүдөгү менеджмент магистрдик программасы боюнча иштелип чыккан билим берүү стандартын ОшМУнун окуу-усулдук бирикменин координациялык кеңшинине сунуштайбыз, анда сунушту добушка салам, добуш берип койсоңуздар.

Баары «макул», «каршы» - жок, «калыс» - жок". Тармактык комитетинин мүчөлөрү эки сунушту бир добушта колдоп беришти.

## ТОКТОМ:

1 а) "550200 – Физика-математикалык билим берүү (профиль: математика, информатика, физика)" бакалавр билим берүү программасы боюнча иштелип чыккан стандарт заманбап талаптарга жооп бергендиги, мамлекеттик билим берүү стандартынын деңгээлинен кем эмес сапатты камсыздалгандыгы, иштелип чыккан компетенциялар актуалдуу тенденцияларды чагылдыргандыгы, окуутуучуларга коюлган талаптар негиздүү болгондугу жана стандарт сунушталган макетке толук ылайык иштелип чыгып, бардык зарыл болгон нормативдик жана методологиялык талаптар белгиленгендиги эске алынсын.

1 б) "550200 – Физика-математикалык билим берүү (профиль: математика, информатика, физика)" магистрдик билим берүү программасы боюнча иштелип чыккан стандарт заманбап талаптарга жооп бергендиги, мамлекеттик билим берүү стандартынын деңгээлинен кем эмес сапатты камсыздалгандыгы, иштелип чыккан компетенциялар

өткөрдүк жана буга чейинки макеттеги өзгөрүүлөрдү, кафедранын кеңешмелериндеги сунуштарды эске алуу менен кайрадан карап, компетенцияларды, бүтүрүүчүлөргө коюлган талаптарды, профессордук-окутуучулук курамдын сапатына талаптарды карап чыктык.

***Имаралиев Ө. Р.:*** Стандартта бул багытка кабыл алынуучулардын таблицасын жалпылап эле берген туура болот деп ойлойм. Ал эми кайсы багыттын бүтүрүүчүлөрү кабыл алынарын ар жыл сайын факультеттин кеңешинде карап, талкуулап, чечим чыгарса болот. Себеби, бул тизме жыл сайын өзгөрүп турушу мүмкүн.

***Оморов Ш. Д.:*** Окуу процессин камсыздоочу кадрлардын сапаттык көрсөткүчү кандай болот деп көрсөтүлдү?

***Авазова Э. Т.:*** Программаны тейлөөчү окутуучу-профессордук курамдын 80 % илимий даражасы барлар, 10% чет өлкөлүк окутуучулар, 10% өндүрүштөн деп көрсөтүп атабыз.

***Оморов Ш. Д.:*** Илимий даражасы барлар 80% деген көрсөткүч өтө эле жогору болуп калбайбы, мунун ичине илимий даражасы жок, бирок ушул багыт боюнча магистр даражасы бар, же квалификациясын жогорулаткан тажрыйбалуу окутуучулар деп кошуш керек.

***Алтыбаева М.***: Анда мындай деп көрсөтсөк болобу: программаны тейлөөчү окутуучу-профессордук курамдын 65 % илимий даражасы барлар, 25% ушул багыт боюнча магистр даражасы бар, же квалификациясын жогорулаткан тажрыйбалуу окутуучулар, 10% чет өлкөлүк окутуучулар жана өндүрүштөн адистер.

**Джоробаева М.:** Менин оюмча ушул туура болот го, мамлекеттик билим берүү стандартта илимий даражасы барлар 60%дан кем эмес деп көрсөтүлгөн, Бул өз алдынча иштелип чыккан стандартта андан төмөн эмес көрсөткүч болуп атат.

***Келдибекова А.О.:*** Дагы кандай суроолор бар? Жогорудагы берилген сунуштар менен макулсуздарбы?

***Келдибекова А. О.:*** Физика-математикалык билим берүү бакалаврдык программасы (профиль: математика, информатика, физика), Физика-математикалык билим берүү магистрдик программасы (профиль: математика, информатика, физика), Билим берүүдөгү менеджмент магистрдик программасы боюнча иштелип чыккан билим берүү стандартын ОшМУнун окуу-усулдук бирикменин координациялык кеңшинине сунуштайбыз, анда сунушту добушка салам, добуш берип койсоңуздар.

Баары «макул», «каршы» - жок, «калыс» - жок”. Тармактык комитетинин мүчөлөрү эки сунушту бир добушта колдоп беришти.

## ТОКТОМ:

1 а) “550200 – Физика-математикалык билим берүү (профиль: математика, информатика, физика)” бакалавр билим берүү программасы боюнча иштелип чыккан стандарт заманбап талаптарга жооп бергендиги, мамлекеттик билим берүү стандартынын деңгээлинен кем эмес сапатты камсыздалгандыгы, иштелип чыккан компетенциялар актуалдуу тенденцияларды чагылдыргандыгы, окуутуучуларга коюлган талаптар негиздүү болгондугу жана стандарт сунушталган макетке толук ылайык иштелип чыгып, бардык зарыл болгон нормативдик жана методологиялык талаптар белгиленгендиги эске алынсын.

1 б) “550200 – Физика-математикалык билим берүү (профиль: математика, информатика, физика)” магистрдик билим берүү программасы боюнча иштелип чыккан стандарт заманбап талаптарга жооп бергендиги, мамлекеттик билим берүү стандартынын деңгээлинен кем эмес сапатты камсыздалгандыгы, иштелип чыккан компетенциялар

актуалдуу тенденцияларды чагылдыргандыгы, окуутуучуларга коюлган талаптар негиздүү болгондугу жана стандарт сунушталган макетке толук ылайык иштелип чыгып, бардык зарыл болгон нормативдик жана методологиялык талаптар белгиленгендиги эске алынсын.

1 в) Билим берүүдөгү менеджмент магистрдик билим берүү программасы боюнча иштелип чыккан стандарт заманбап талаптарга жооп бергендиги, мамлекеттик билим берүү стандартынын деңгээлинен кем эмес сапатты камсыздалгандыгы, иштелип чыккан компетенциялар актуалдуу тенденцияларды чагылдыргандыгы, окуутуучуларга коюлган талаптар негиздүү болгондугу жана стандарт сунушталган макетке толук ылайык иштелип чыгып, бардык зарыл болгон нормативдик жана методологиялык талаптар белгиленгендиги эске алынсын.

2 а) "550200 – Физика-математикалык билим берүү (профиль: математика, информатика, физика)" бакалавр багыты боюнча иштелип чыккан стандарт берилген сунуш-пикирлерди эске алуу менен жактырылсын.

2 б) "550200 – Физика-математикалык билим берүү (профиль: математика, информатика, физика)" магистрдик программасы боюнча стандартка берилген сунуш-пикирлерди эске алуу менен жактырылсын.

2 в) Билим берүүдөгү менеджмент магистрдик программасы боюнча стандартка берилген сунуш-пикирлерди эске алуу менен жактырылсын.

3 а) "550200 – Физика-математикалык билим берүү (профиль: математика, информатика, физика)" бакалавр багыты боюнча стандартка берилген сунуш-пикирлерди эске алуу менен ОшМУнун окуу-усулдук бирикменин координациялык кеңшинине кароого сунушталсын.

3 б) "550200 – Физика-математикалык билим берүү (профиль: математика, информатика, физика)" магистрдик программасы боюнча стандартка берилген сунуш-пикирлерди эске алуу менен ОшМУнун окуу-усулдук бирикменин координациялык кеңшинине кароого сунушталсын.

3 б) "Билим берүүдөгү менеджмент магистрдик программасы боюнча стандартка берилген сунуш-пикирлерди эске алуу менен ОшМУнун окуу-усулдук бирикменин координациялык кеңшинине кароого сунушталсын.

Тармактык комитеттин төрайымы: А.О. Келдибекова

Тармактык комитеттин катчысы: Г.А. Омаралиева

Ош мамлекеттик университетинин окуу-методикалык бирикмесинин физика-математикалык, инженердик-техникалык билим берүү багыттары боюнча тармактык комитетинин 2025-жылдын 8-апрелиндеги 4-отурумунун катышуучуларын

# КАТТОО БАРАГЫ

| № | Аты-жөнү | Илимий даражасы, ээлеген кызматы | Колу |
|---|---|---|---|
| 1. | Келдибекова Аида Осконовна | Комитеттин төрайымы, МИОТжББМ кафедрасынын башчысы, пед. илимд. доктору (13.00.02 – математика), профессор | [signature] |
| 2. | Омаралиева Гулбайра Абдималиковна | Комитеттин катчысы, ф.-м.и.к., доцент | [signature] |
| 3. | Осконбаев Маралбек Чотоевич | Эксперименталдык жана теориляк физика кафедрасынын башчысы, ф.-м.и.к., доцент | [signature] |
| 4. | Айдарбеков Зарипбек Шарипович | Энергетика кафедрасынын башчысы, т.и.к., доцент | [signature] |
| 5. | Борбоева Гулниса Маматкановна | Алгебра жана геометрия кафедрасынын башчысы, ф.-м.и.к., доцент | [signature] |
| 6. | Беделова Нурүл Салибаевна | Ф.-м.и.к., доцент | онлайн |
| 7. | Имаралиев Өмүрбек Рахманалиевич | Экономика илимдеринин кандидаты | [signature] |
| 8. | Сатаров Арзымат Эминович | ф.-м.и.к., доцент. | [signature] |
| 9. | Кубатов Нурлан Кушбакович | окутуучу | [signature] |
| 10 | Мамаев Самарбек Сатыбалдиевич | окутуучу | [signature] |
| 11 | Токоев Маматомор Пирматович | Доцент, Электр менен жабдуу кафедрасынын профессору | |
| 12 | Бабаев Доолотбай Бабаевич | Пед. Илимд. Доктору, профессор (13.00.02 – физика) Педагогикалык чеберчилик факультетинин деканы | онлайн |
| 13 | Омурбекова Гульзат Кочкорбаевна | т.и.к., доцент «Маалыматтык системалар жана технологиялар» кафедрасынын башчысы | онлайн |
| 14 | Алыбаев Курманбек Сарманович | Профессор , ф.м.-доктору | |
| 15 | Токонбекова Гүлзат Чоюнбековна | П.и.к. доцент, декан | |
| 16 | Мамбетов Жоомарт Иманалиевич | Ф.-м.и.к., доцент | |
| 17 | Абдиматов Улан Исаевич | «Автомобилдик транспорт» кафедрсынын башчысы | |
| 18 | Ташибеков Тариел | "Информатика, программалоо жана байланыш" кафедрасынын башчысы | [signature] |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 19 | Топчубаев Арипжан Аманбаевич | Башкы инженердин орун басары | |
| 20 | Отомбаева Гулшайыр Орозалиевна | Квалификация математика, информатика мугалими | он-лайн |
| 21 | Умарбеков Боронбек | Автоматташтыруу бөлүмүнүн башчысы | [signature] |
| 22 | Моминов Зайнидин | Директору | |
| 23 | Кыштообаев Орозалы Төрөбекович | Маалыматтык технологиялар секторунун башчысы | онлайн |
| 24 | Абидов Абдыкадыр | Т.и.д. , профессор , директор | |
| 25 | Эшенкулов Равшан Орозбаевич | Мекеме жетекчиси | |
| 26 | Мамытов Эркин Шамурзаевич | Директордун 1-орун басары | |
| 27 | Тарасов Александр Евгеньевич | доцент, эл аралык байланыштар боюнча проректор | |
| 28 | Смагулов Есенгали Жексембаевич | пед. илимд. доктору, профессор, Табигый илимдердин жогорку мектеби, математика жана информатика багыт боюнча | он-лайн |
| 29 | Мамадалиев Нурилло Азизиллоевич | Эл аралык соода бөлүмүнүн башчысы | |
| 30 | Дадаханов Мусохон | PhD, Колдонмо математика жана санариптик технологиялар кафедрасы башчысы | |
| 31 | Файзуллаев Жамшид Исмоилжонович | философия илимдеринин доктору «Жогорку математика» кафедрасынын башчысы | |
| 32 | Кайнарбай Асет Жумабек уулу | Ф.-м.и.к , доцент | |
| 33 | Шербоев Муродбек | Маалыматтык технологиялар боюнча проректор | |
| 34 | Баженов Руслан Иванович | Маалыматтык системалар, математика жана укуктук информатика кафедрасынын башчысы, ф.и.к., доцент | онлайн |
| 35 | Урмат кызы Жылдыз | Физика адистигинин 3-курсунун студенти | [signature] |
| 36 | Авазова [illegible] | ОшМУ МиОТ жа ББМ каф. [illegible] окутуучу. ([illegible]) | [signature] |
| 37. | [illegible] Назгуль | ОшМУ МиОТ жа ББМ каф. окутуучу | [signature] |
| 38. | Омаралиева Зумурат Исмаиловна | ОшМУ. [illegible] жана ФОУ [illegible] ФМО(маг) [illegible] | [signature] |
| 39 | Бербаева Гулмира | ОшМУ Алгебра жа геом каф башч. | [signature] |
| 40 | Омаров Ш | МиОТ жа ББМ кафедрасы, доцент | [signature] |
| 41 | Сеерамбаева [illegible] | МиОТ ББМ каф. улук окут. | [signature] |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 42 | Абдимажидова А | ф.-м.и.к., доцент | |
| 43 | Маматрозиев К. Т. | окутуучу | |
| 44 | Ажиев А. Б. | ф.-м.и.к., доцент | |
| 45 | Абыбаева М | п.и.к. доцент | |
| 46 | Султаналиева М. | э.и.к., доц. | |
| 47 | Бабаева А. Д. | э.и.к., доц | |
| 48 | Джоробаев М. А | э.и.д. профессор | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |

Комитеттин катчысы,
ф.-м.и.к., доцент

Омаралиева Г.А.